83.8
Н-37

ЖҮРҮМ-ТУРУМ АДЕБИ





# АЙДАЙ

## Эмне үчүн каалаганым болбойт?



avrasya Press

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 37

83.8
А-37





# АЙДАЙ

## Эмне үчүн каалаганым болбойт?

Түзгөн: Нуршен Ширин
(Балдарды жана өспүрүмдөрдү
тарбиялоочу атайын адис)
Сүрөтчү: Неше Инан
Которгон: Канышай Эргашева
Редактор: Гедик Рахат
Корректор: Жыпара Ибраимова
Дизайнер: Насыпбек Асанбаев





Бул китеп төмөнкү түп нусканын негизинде
даярдалды:
Nurşen Şirin: Burcu
Timaş yayınları
Айдай /Түз. Н. Ширин; котор. К. Эргашева;
Сүрөтчүсү Н. Инан, -Б.: 2103 - 32 б.
ISBN 978-9967-453-81-4

© Avrasya Press

ISBN 978 9967453814
9789967453814- 3




Китеп ээси: ________________

АЛА-БУКА РАЙОНУН БКТ
БАЛДАР БӨЛҮМҮ
Инв. №

Кандай сонун китептерим бар...

А4803300100-13
ISBN 978-9967-453-81-4

У ДК 821.51-93
ББК 83.8

Айдай - көп нерсеге кызыккан, суроолорду берип, кайра аларга жооп алып, көп нерсе үйрөнгөн акылдуу кыз. Айдай кыз кызыктуу окуялары менен силердин көңүлүңөрдү ачып, көп нерселериңерди чечүүгө жол көрсөтөт...

**«Эмне үчүн каалаганым болбойт»**
**деген**
**китепти окугандар өздөрүнө**
**эмнелерди ала алышат**

- *Сезимдерин көзөмөлдөй билүүнү*
- *Өзүн-өзү башкара алууну*
- *Коомдук жашоонун кандай өтүп жаткандыгын аңдап билүүнү*
- *Өзү жөнүндө туура маалымат бере билүүнү*
- *Башкалардын сезимдерин түшүнө билүүнү*
- *Өзүн жана үй-бүлөсүн жакшы тааный билүүнү*
- *Башкалар менен мамилесин жөнгө салууну*
- *Өзүн кырсык жана коркунучтардан коргой алууну*
- *Сөз байлыгын кеңейтүүнү*
- *Көркөм чыгармаларды окуй алууну*
- *Чыдамдуу болууну*
- *Жашоодо жана табиятты коргоодо жоопкерчиликтүү болууну*
- *Кол өнөрү менен кооз нерселерди жасай алууну*
- *Табият менен таттуу мамиледе болууну*
- *Кыргыз тилин туура колдоно алууну*
- *Окуяларга жана жаратылыш кубулуштарына ар тараптуу байкоо жүргүзүүнү*



Ала-Букинс
ЦБС Ошколо
ИНВ № 00-3

Бүгүн Айдай үчүн өзгөчө бир күн болду. Атасы Алтай экөөнө бирден велосипед сатып берди.



Айдайдыкы кооз кутучасы бар, кызыл-көк түстүү велосипед... Бирок Айдай азырынча велосипед тебүүнү билбейт эле.



Иниси Алтай болсо, мурун агасынан үйрөнгөн болчу. Айдай бул аңгемебизде кандай кызыктуу окуяларды башынан өткөрөт болду экен?...



Ошол күнү Алтай:

– **Бииш, биш, бииш!** Жолдон качкыла, мен бара жатам, – деп велосипедин ылдам тээп бара жатты. Аны көргөн Айдай дагы велосипедин эч кимден жардам албай, өзү тебүүгө аракет кылып, бирок эч тебе албай кыйналды. Акыры жерге олтуруп алып ыйлай баштады.



Атасы кызынын ыйлап жатканын көрүп:

– Капа болбо кызым. Дем алыш күнү сага велосипед тебүүнү үйрөтөм, – деди.

Айдай абдан сүйүнүп:

**– Урраа! Урра! Шамалды тебем,** – деди. Ал дем алыш күнүн сабырсыздык менен күтө баштады.



Бир күнү эртең менен: «Бүгүн дем алыш! Велосипедди тебүүнү үйрөнүү күнү!» – деп ойлоп төшөктөн ыргып турду. Чуркап атасынын жанына барды.

**- Атаке, жүрү кеттик, -** деп шаштырды атасын.



Атасы окуп жаткан китептен башын көтөрүп:

– Каякка кызым? – деп сурады.

Айдай атасын тиктеп:

– Велосипед тебебиз дебедик беле! Унуттуңузбу? - деди мостоюп.

Атасы күлүп:

**- Унутпадым кызым. Бирок бүгүн ишемби. Велосипед тепкени эртең барабыз, -** деди.

Айдай өзүнүн кылыгына күлдү. Тынчсызданып жатып күндөрдү да алмаштырып алган эле.



Атасы менен Айдайдын сөзүн уккан Алтай келе калып:


- Эртең мен дагы силер менен баргым келип жатат, - деди. Бирок Айдай каалабай:

- Сен ансыз деле велосипед тебе аласың го, - деди.

Алтай:

- Мен баары бир баргым келип жатат, - деди кайра эле.





Акыры дем алыш күнү дагы келди. Айдай толкунданып, атасынын жанына барды.

- Жүрү ата, тамактанып алып чыгалы, - деди.
- Болуптур Айдай, бара жатам, - деди атасы.

Айдай аябай толкунданып, атасын чыдамсыздык менен күтүп жатты. Тоту кушунун жанына барып, аны сыртка чыгарды.

**- Тоту куш, тоту куш! Кана ойгон,** - деди.



Тоту куш эртең менен эрте сергек болбойт эле. **«Криийк»** деп сайрап, кайра уясына кирип кетти.

Кезек Алтайды ойготууга келди. Айдай инисинин бөлмөсүнүн эшигин кагып:




- Алтааай! Тамак даяр! - деп чакырды.

Бөлмөдөн жооп болгон жок. «Алтай дагы эле уктап жатса керек», - деп ойлоп, акырын эшикти ачып, бөлмөгө кирди.


Алтайдын төшөгүндө жатканын көргөн Айдай аны кытыгылап ойготууну ойлоду. Алтайдын журканын ачса эле эмне көрдү дебейсиңби!..



Алтайдын жүзү кыпкызыл темгилдерге толуп кеткен экен.

Айдай корkконунан дароо атасына чуркап барды. Атасы тамактанууга даярданып жаткан. Айдай кыйкырып:

**- Атаке, атаке! Алтайга бир нерсе болуптур. Бети кыпкызыл!** - деди энтелендеп.



Атасы менен апасы чуркап уулунун бөлмөсүнө киришип, Алтайдын жанына барышты. Анын абдан ооруп жатканы көрүнүп турду. Дароо температурасын өлчөшсө, абдан көтөрүлүп кеткен экен.

**«Эмне кылабыз?»** деп өздөрүнчө сүйлөшө башташты.



Айдай капаланып бөлмөсүнө кирип кетти. Себеби Алтай ооруп жатканда атасы аны велосипед тебүүгө алып бара алмак эмес.

Айдай жини келип: **«Алтай дагы ооруган күнду тапкан экен. Эмне үчүн каалаганымдын баары боло бербейт?»** деп мырылдады.



Айдайдын көңүлү чөгүп, бөлмөнүн ичинде ары-бери баса баштады. Бир маалда апасы менен атасынын сүйлөшкөндөрүн укту.



- Алтайды ооруканага алып барышыбыз керек...

**- Ооба... Айдай абдан капа болот го. Бүгүн ага велосипед тепкенди үйрөтөм дедим эле.**



- Кабатырланба, Алтайдын эти ысып, ооруп жатканда Айдай булгабалды түшүнөт...

АЛА-БУКА РАЙОНУНУН ЭКТ БАЛДАР БӨЛҮМҮ
Инв. №
Ала-Букинск.
ЦБС
ИНВ. №

Атасы сүйлөшүп бүтүп, Айдайдын бөлмөсүнө келди да:

– Айдай, биз ооруканага бармай болдук, сени чоң атаңа таштайбыз. Бол, тез даярдан, кызым, – деди.

– Мен дагы барсам болобу? – деп сурады Айдай.

Атасы:

– Болбойт садагам, сени чоң атаң дагы күтүп жатат, – деди.



Көп өтпөй жолго чыгышты.

Айдай:

– Атаке, бүгүн велосипед тебүүгө бара албайбызбы? – деп сурады.

Атасы:

– Ооба, кызым, Алтай ооруп жатканда бара албайбыз, – деди.



Чоң атасы аларды бакчада тосуп алды. Алтайга: «Аллах шыпаасын берсин, тез сакай кулунум» деп узаткандан кийин, Айдай менен бактагы селкинчекке олтурду. Айдайдын капаланганын көрүп:

**- Эмне болду кызым? Капалуу көрүнүп жатасың да.** - деди.

Айдай иштин жөн жайын чоң атасына айтып берди. Чоң атасы Айдайдын башын сылап:



- Кызым, велосипед тепкенди үйрөнөм деп, абдан толкундансаң керек ээ? - деди.

- Ооба, чоң ата... Кечке велосипед тепмекмин!..

- Бирок иниң ооруп жатса көңүл ача алат белең кызым? - деп сурады чоң атасы.

Айдай бир аз ойлонуп, кайра жайдарылана:

- Хмм... Жок көңүл ача алмак эмесмин. Велосипед тепкенди кийин деле үйрөнүп алам, ээ чоң ата? - деди.

- Албетте, бат эле үйрөнүп аласың, кызым.

- Чоң ата, Алтай тез эле сакаябы?

- Билбейм кызым. Чамасы бир канча күн жатат го.

**- Мейли, мен күтөм,** - деди Айдай.



Чоң атасы менен сүйлөшүп, Айдайдын көңүлү жай алып калды. Бир аз убакыттан кийин анын уйкусу келе баштады. Айдай чоң атасы салып берген төшөккө жатып, дароо уктап калды.






Түшүндө Шамалды тээп бара жатканын көрдү.
Талаада шамалдай тез зымырап бара жатты.

Анан бир топ убактан кийин ойгонду. Айдай ойгонгондо өзүн жакшы сезип калган эле. Алтайды эстегенде көңүлү чөгүп кетти.

Чоң атасына:

- Чоң ата. Апамдар телефон чалыштыбы? Алтайга эмне болуптур? – деп сурады.


- Алтай кызамык болуп калыптыр, кызым, -деди чоң атасы кабатырлана.



**- Кызамыкпы? Кызамык деген эмне?**

- деди таң кала.

- Кызамык - жугуштуу оору. Алтай бир топко чейин кызыл темгилдер менен жүрөт. Абайла, сага дагы жугуп калса, эки бир тууган кулпунайдай болуп каласыңар, деп чоң атасы небересине карады.



Бир маалда эшикти каккылап, Айдайдын атасы кирип келди.

– Айдай, жүрү кеттик. Алтай сени жаны тынбай сурап жатат, – деди.



Айдай абдан сүйүнүп:

– Эмне!.. Иним мени сурап жатабы? – деп, даярдана баштады. Айдай чоң атасы менен коштошуп, үйүнө тезирээк жетүүнү каалады.

Айдай үйгө кирип-кирбей жатып Алтайдын бөлмөсүн көздөй чуркады. Алтай төшөгүндө отурган экен. Айдайды көрөөр замат:

- Бүгүн велосипед тебүүгө бара албай калдык, - деди.


Айдай:

**- Эч нерсе эмес, кийин тебебиз. Сен эртерээк сакайып кет,** - деди, жылмайып.



Бир маалда үйдүн коңгуроосу угулду. Алар Айдайдын достору экен. Алар аны ойногону чакырышты. Айдай:

**- Алтай ооруп жатат, эшикке чыгып кетсем үйдө ал абдан зеригип кетет,** - деп алар менен ойногонго чыкпады.




Атасы кызынын жанына келип:

- Айдай, бүгүн сен абдан акылдуулук кылдың. Сендей кызым болгону үчүн абдан бактылуумун. Кабатырланба, аз убакыттын ичинде сага велосипед тебүүнү үйрөтөм, - деди. Айдай атасынын сөздөрүнө абдан кубанды.



Бир жумадан кийин Алтай жакшы болуп сакайып кетти. Атасы аларды велосипед тебүүгө ылайыктуу жерге алып барды. Айдайга велосипедди кантип тебүү керектигин түшүндүрүп, аркасынан кармап, анын тең салмактуулугун сактоосуна жардам берди. Айдай өзүн абдан бактылуу сезди.



Бир аз убакыттан кийин Айдай эч кимден жардам албай өзү эле велосипедин тээп калды.

Эми Алтай экөө каалаган убакта, каалашынча велосипед тээп сейилдей алышат.



Алар Тоту куш менен Мыймыйды дагы өздөрү менен кошо ала жүрмөй болушту.



Биз апам экөөбүз Алтайга пайдалуу сорпо жасап жатабыз.
Силер дагы өзүңөрдөн улуу бирөө менен жасаганга эмне дейсиңер?

## Керектелүүчү азыктар:

- томат пастасы
- туз
- күрүч,
- чечевица
- Пияз,
- картошка
- лимон
- жалбыз
- өсүмдүк майы
- суу

## Сорпо кантип жасалат?

1.Алгач пиязды жана картошкаларды жакшылап жууп алабыз.

2. Андан соң аларды аарчыйбыз.

3. Күрүч менен чечевицаны жууш үчүн кичинекей тешиктери бар сүзгүчтү алабыз.

4.Күрүч менен чечевицаны өз-өзүнчө кичинекей тешиктери бар сүзгүчкө салып жууйбуз.

5.Бизге жардам берип жаткан улуу кишиден картошкалар менен пиязды туурап берүүсүн суранабыз.

6.Азыктардын баарын (картошка, пияз, күрүч жана чечевицаны) казанга салып, үстүнө суу куйган соң, кайноосун күтөбүз.



7. Бул убакытта үйдөгү улуу кишиден башка бир казанда май жана томат менен соус даярдап, сорпо бышкандан кийин аларды майдалап, эзип берүүсүн суранабыз.

8.Сорпону эзгенден кийин кайрадан кайнатып, кайнап жатканда үстүнө соусту куябыз.

9.Дагы бир аз кайнаган соң сорпобуз даяр болот. Туз кошууну унутпайлы!

10. Эми сорпону коздоого да кезек келди... Кесилген лимондорду сорпо кесесинин чекесине тизебиз. Үстүнө болсо, бир тутам жалбыз коёбуз.

Мына тоюмдуу, пайдалуу сорпобуз да даяр болду!



# АЙДАЙ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨСҮ




Колуңуздагы жыйнактарда кичинекей бөбөктөрүбүз күнүмдүк жашоосунда кездеше турган кыйынчылыктардан туура жол таап чыгып кетишине үлгү болорлук көптөгөн окуялар айтылат.

Айрыкча, китептердеги сүрөттөр кичинекей балдарды да өзүнө тартуусу менен бирге, жазуулардын аз жана кооз болушу алардын кызыгуусун ого бетер арттырат деп ишенебиз.


Ал эми Айдайдын элестүү чагылдырылган окуялары биздин мектеп жашына чейинки бөбөктөрүбүздүн сезимтал, таза жана бир нерсени тез кабыл алган жан дүйнөсүнөн жай таап, жүрүм-турумунун жакшы болушуна аз да болсо өз салымын кошот деген тилектебиз.

Колуңуздардагы жыйнакты балдардын жаркын келечеги үчүн жан үрөп эмгек кылган ата-энелерге жана окутуучу-тарбиячыларга сунуштайбыз.

**«Avrasya Press» сунуштайт**

5 жаштан өйдө













avrasya Press
ISBN 978 9967453814
9789967453814-3
www.avrasyapress.com